Кыргыз Республикасынын 2025/26 жана 2026/27-окуу жылындагы

“БИРИНЧИ МУГАЛИМ” СЫНАГЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

14-СЫНАК

20.12.2025

Санжарбек Данияровдун коомдук фонду Кыргыз Республикасынын айыл мектептеринин башталгыч класс мугалимдеринин кезектеги (№14) “Биринчи мугалим” сынагын (мындан ары 14-сынак) уюштурат. Буга чейин өткөрүлүп келген сынактардан айырмаланып бул сынак өзгөчө тартипте эки окуу жылына: 2025/26 жана 2026/27-окуу жылдарына арналат.
“Биринчи мугалим” – бул башталгыч класстын мугалими, мыкты педагог, Чыңгыз Айтматовдун “Биринчи мугалим” повестинин каарманы.
Сынак КР Агартуу министрлигинин макулдугу менен өткөрүлөт.
Сынактын 2011-жылдан берки баяндамалары фонддун сайтында жайгаштырылган: www.daniyarov.kg
Сынакты чагылдырган сайттын рубрикалары:

Билим берүү › Биринчи мугалим сынагы
Билим берүү › Эң мыкты билбаяндар
Билим берүү › Мугалимдин окуучулар менен саякаты
Билим берүү › Мугалимдердин саякаттары

§ 1. 14-сынактын максаттары

- Башталгыч класстардын **мугалим кесибинин кадыр-баркын жогорулатууга** көмөктөшүү
- Мугалимдердин **айылдык мектептерде** иштеп калуусуна кошумча түрткү берүү
- Айылдык мугалимдердин **кесиптик өсүүгө** умтулуусун колдоо

§ 2. 14-сынактын катышуучулары

- 14-сынакка мурдагы сынактардай эле Кыргыз Республикасынын **айыл-кыштактарында жана шаар тибиндеги поселкаларында** жайгашкан мектептердин **башталгыч класс мугалимдери** (мындан ары Катышуучу) жынысына, жаш курагына, улутуна жана иш стажына карабай катыша алат.
- Шаарлардын мектептеринин мугалимдери сынакка КАТЫША АЛБАЙТ.
- **Башталгыч класстардагы окуучуларга билим берүүгө түздөн-түз катышпаган** билим берүү мекемелеринин жетекчилери жана администраторлорунун СЫНАККА КАТЫШУУСУНА ЖОЛ БЕРИЛБЕЙТ.
- **Мугалимдердин сынакка катышуусу акысыз.**

§ 3. 14-сынактын сыйлыктары

Сынак эки тур менен өткөрүлөт (§ 6). Сынактын соңку жыйынтыктары боюнча сыйлыктар:

1-ОРУН:

- Сынактын жеңүүчүсүнүн диплому жана БИРИНЧИ МУГАЛИМ наамы
- Сынактын негиздөөчүсүнүн коштоосунда бай маданий программа менен дүйнөлүк борборлордун бирине 7–10 күндүк маданий-маалымат арттыруучу саякат

- Бай маданий программа менен Кыргыз Республикасынын борбору Бишкек шаарына өзүнүн классындагы окуучулары менен бирге дем алыш күндөрү маданий-маалымат арттыруучу саякат

Эскертүү: Мугалимдердин өз классындагы окуучулары менен дем алыш күндөрү Бишкекке маданий-маалымат арттыруучу саякаты мурдагы сынактарда 2-3 орун ээлеген лауреаттарга да ыйгарылып келген. Негиздөөчү бул салтты улантуу үчүн аракеттерди көрүүдө, 14-сынактын жүрүшүндө мындай мүмкүнчүлүк пайда болсо, бул тууралуу кошумча жарыяланат.

Биринчи турдун алты жеңүүчүсү

- 1-ТУРДУН ЖЕҢҮҮЧҮСҮНҮН дипломдору жана эстелик белектер

Сынактын 1-туруна **катышкан бардык катышуучулар**

- Катышуучунун күбөлүгү жана 2-турга жана күйөрман жана көрөрман катары 1-жеңүүчүнү сыйлоо салтанатына чакыруу

§ 4. Сынактын калыстар тобу, алып баруучу жана Уюштуруу комитети

Калыстар тобу билим берүү тармагынын 10 экспертинен кем эмес адамдан турат, анын ичинде сынактын мурунку жылдагы жеңүүчүлөрү болот. Калыстар тобунун курамын Фонддун негиздөөчүсү билим берүү, илим, методикалык мекемелеринин кесипкөй кызматкерлеринен жана “Биринчи мугалим” сынагынын мурунку жылдагы жеңүүчүлөрүнөн түзөт. Негиздөөчү баалоо процесси башталганга чейин Фонддун сайтында Калыстар тобунун мүчөлөрүн жарыялайт.
КАЛЫСТАР тобунун мүчөлөрү сынактын алкагында ыктыярдуу түрдө акысыз катышат.

2-турдун жана сыйлоо салтанатынын алып баруучусу ыктыярдуу негизде акысыз иштейт.

Сынактын уюштуруу комитети (мындан ары Уюштуруу комитети) **Фонддун негиздөөчүсүнөн** түзүлөт. Негиздөөчү сынактын каалаган этабында уюштуруу иштерине ыктыярчыларды тартууга укуктуу. Уюштуруу комитети төмөнкү милдеттерди аткарат: сынакты пландоо, катышуучуларга маалымдоо, сынактын биринчи жана экинчи турун өткөрүү, калыстар тобун түзүү жана алардын иштерин уюштуруу, катышуучулардын жыйынтыктарын эсептөө, жеңүүчүлөрдү сыйлоо, саякаттарды уюштуруу жана өткөрүү.

Уюштуруу комитети акысыз иштейт.

§ 5. 14-сынактын чыгымдарын каржылоо

Сынакты каржылоо, мурдагы он үч сынактардай эле **Санжарбек Данияровдун Коомдук фондунун (СДКФ)** каражатына жүргүзүлөт. Ал каражаттар фонддун Негиздөөчүсүнүн жеке төлөмдөрүнөн жана ошондой эле 12-сынактан бери ыктыярдуу демөөрчүлөрдүн төлөмдөрүнөн түзүлөт.

Комментарий. Каржылык булактардын чектелүү болгондугуна байланыштуу фонд ыктыярчылардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жарандарынын жана уюмдарынын арасынан демөөрчүлөрдүн колдоосуна кызыкдар. Жардамды каржылык каражаттарды которуу түрүндө гана эмес, транспорт менен камсыздоо, экинчи туру жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземин өткөрүү үчүн зал, борбор шаарыбыз Бишкекке болгон саякат учурунда балдарды жайгаштыруу үчүн орун берүү аркылуу да көрсөтсө болот. Фондду каржылык жактан колдоо үчүн реквизиттери фонддун сайтында көрсөтүлгөн.

Мурдагы сынактардын бюджети фонддун сайтында жарыяланган.

§ 6. Сынактын мазмуну жана аны өткөрүү жолдору

Сынак эки турда өткөрүлөт:
Биринчи тур – жазуу түрүндө аралыктан катышуу. Катышуучу сынактын жыл темасына арналган дилбаян жазышы керек.

Ар бир дилбаян калыстардын 7 (жети) мүчөсү тарабынан 5 баллдык шкала боюнча 6 критерийге (§6да көрсөтүлгөн) бааланат, максималдуу баа 210 баллды түзөт (7×5×6=210).

Дилбаяндар жюри мүчөлөрү арасында рандомдук (кокустан) тартипте бөлүштүрүлөт. Уюштуруу комитети кабыл алынган бардык дилбаяндарга уникалдуу код берет. Автордун аты-жөнү жана мектеп, аймак аталышы көрсөтүлбөгөн, башкача айтканда, **ЖАШЫРУУН ТҮРДӨ** дилбаяндарды баалоо үчүн калыстар тобунун мүчөлөрүнө өткөрүлөт. Дилбаяндарды баалоо натыйжасында **биринчи турда эң көп балл топтогон 6 (алты) жеңүүчү** аныкталат. Алар экинчи турдун катышуучусу болуп саналат.

Экинчи тур – оозеки бетме-бет кездешүү түрүндө өтөт. Мында биринчи турдун 6 жеңүүчүсү оозеки түрдө **үч тапшырманын** суроолоруна жооп берет.

Катышуучулар тапшырмаларды жана баалоо критерийлерин биринчи турдун жыйынтыгы чыгып, экинчи турга чейин кеминде 10 күн калганда алышат. Экинчи тур учурунда катышуучу ар бир тапшырма боюнча жеребе тартуу аркылуу алты вариантын бирин алат. Ошентип, катышуучу экинчи турда үч сурооого жооп берет. Сурооого жооп бергенден кийин калыстар тобунун мүчөлөрү катышуучуга тактоо иретинде суроолорду бере алышат. Жоопторду баалоо үчүн 10дон кем эмес адамдан турган калыстар тобу түзүлөт. Экинчи турдун жыйынтыгы боюнча 1-орунду ээлеген жеңүүчү – “**БИРИНЧИ МУГАЛИМ”** жана 2-3 орун ээлеген сынактын **ЛАУРЕАТТАРЫ** жарыяланат.

§ 7. 14-сынактын дилбаянынын темасы

БАЛДАРДЫН АЙЛАНА-ЧӨЙРӨГӨ БОЛГОН МАМИЛЕСИ ЖӨНҮНДӨ МУГАЛИМДИН ОЙ-ПИКИРЛЕРИ

Дилбаянда камтылышы мүмкүн болгон суроолордун мисалдары. Мазмуну бул суроолорго жоопторду камтышы мүмкүн, бирок аны менен гана чектелбеши керек:

Сиз жана сиздин окуучуларыңыз үчүн айлана-чөйрө деген эмне? Балдар үйдүн жана айылдын айланасындагы сулуулукту байкайбы? Сиздин айылыңызда айлана-чөйрө менен байланышкан көйгөйлөр барбы? Эгер бар болсо, кандай? Бул көйгөйдү жеңүү үчүн мектеп жана сиз жеке кандай иштерди аткарасыз? Балдарга жана чоңдорго үйдүн короосунан тышкары да таштандыларды чогултуу, бак-даректарды тигүү керекпи? Эгер керек болсо, балдарды кайсы жаштан баштап бул иштерге көндүрүүгө мүмкүн? Бул үчүн кандай ыкмаларды колдонсо болот? Балдарда айлана-чөйрөгө жоопкерчиликтүү мамиле калыптануусу үчүн буга чейин кандай аракеттерди жасагансыз? Балдарда экологикалык аң-сезимди калыптандыруу боюнча пландарыңыз барбы?

§ 8. Дилбаяндарды баалоо критерийлери:

- Теманын толук ачылышы
- Негизги ойдун так жана түшүнүктүү баяндалышы
- Баяндоо стили (көркөмдүүлүгү)
- Сабаттуу жазуу
- Кийинки иште жана тажрыйба бөлүшүүдө пайдалуулугу

- Дилбаяндын темасына өзгөчө ыкмадагы мамилеси

§ 9. Дилбаянга талаптар

- **Дилбаяндын тили**: катышуучу жеке тандоосу боюнча кыргыз жана орус тилдеринде жаза алат. Дилбаянды баалоодо анын тили тандоо критерийи болуп эсептелбейт.
- **Дилбаяндын көлөмү: 1 000 сөздөн кем эмес болууга тийиш**
- **Дилбаяндын түзүлүшү:** 3 бөлүктөн турат – кириш сөз, негизги бөлүк жана корутунду.
- **Мазмуну:** дилбаян **автор өзү жазган текстти гана камтышы** керек, башка булактардан көчүрүлгөн же жасалма интеллект тарабынан түзүлгөн текст болбоого тийиш. Башка авторлордун чыгармаларынан алынган цитаталар болсо, ал **цитата булагы көрсөтүлүп** берилиши керек жана дилбаяндын жалпы көлөмүнүн **10% ашпашы керек**. Дилбаяндар уникалдуулукка (плагиаттын жоктугуна) жана жасалма интеллект колдонулбагандыгына текшерилет.
- **Формасы:** Дилбаян **WORD** программасында терилген электрондук түрдө ГАНА кабыл алынат. **Кол жазма, pdf форматында, скандалган же сүрөт түрүндөгү дилбаяндар КАБЫЛ АЛЫНБАЙТ.**
- **Шрифти:** бардык тиби жарайт. Уюштуруу комитети бардык дилбаяндарды шрифт, көлөмү, интервалы, абзацтары ж.б. боюнча бирдиктүү түргө келтирген соң, калыстар тобунун мүчөлөрүнө жиберет. Кыргыз тилиндеги дилбаяндар кыргыз алфавитиндеги тамгаларды **(ө, ң, ү тамгалары)** колдонуу менен жазылышы керек.
- **Түзүлүшү:** Тексттерди оймо-чиймелер, сүрөттөр ж.б. менен же титулдук баракларды түзүп көркөмдөөгө БОЛБОЙТ.

§ 10. 14-сынактын 1-туруна дилбаяндарды кабыл алуу тартиби

Сынактын 1-туруна катышуу үчүн **ҮЧ ДОКУМЕНТТИ жөнөтүү керек:**

1. Жылдын темасы боюнча жазылган ДИЛБАЯН (темасы жана талаптары § 7-9 көрсөтүлгөн)
2. КАТЫШУУЧУНУН СОБОЛДОМОСУ талапка ылайык толугу менен толтурулган WORD формасы **(№1 ТИРКЕМЕ**) же ИНТЕРАКТИВДҮҮ PDF формасы **(№2 ТИРКЕМЕ)** боюнча
3. Башталгыч класстын мугалими экендигин тастыктаган, мектептин директорунун же окуу бөлүмүнүн башчысынын колу коюлуп, мектептин мөөрү басылган ИШТЕГЕН ЖЕРИНЕН МААЛЫМКАТ

Сынакка жиберилген ушул үч документ төмөнкү дарек боюнча **электрондук почта** аркылуу гана кабыл алынат: sdkf.meldesh@gmail.com. Документтер бир почта билдирүүсүнө тиркеме катары тиркелиши керек. Толтурулган соболдомо же маалымкат тиркелбесе, ал дилбаяндар Уюштуруу комитети тарабынан каралбайт.

Документтерди жөнөтүүдө почта билдирүүсүндөгү “Тема” сабында (дилбаяндын темасы менен чаташтырбоо керек) билдирүүнү төмөнкүдөй аталыш менен жазуу керек:
“14-СЫНАККА ... МУГАЛИМДЕН” (аты-жөнү жазылат)

Уюштуруу комитети сынакка келип түшкөн БАРДЫК документтердин **сынактын талаптарына шайкеш экендигин** текшерет (бирок дилбаяндарга балл койбойт). Уюштуруу комитети ЖОБОнун талаптарына жооп берген үч документти тактаган соң, авторго **дилбаян сынакка кабыл алынганы** тууралуу билдирет да, дилбаянды калыстар тобунун мүчөлөрүнө жөнөтөт (автордун аттары жазылбайт). Эгерде келген маалыматтар талаптарга жооп бербесе, Уюштуруу комитети талапка жооп бербеген жерлери тууралуу авторго билдирип, оңдоп-түзөө киргизүүнү сунушайт.

Ал маалыматтарды жана ошондой эле Катышуучу менен жазышкан каттарды Уюштуруу комитети электрондук почта же WhatsApp аркылуу жөнөтөт. Эгерде автор 3 күндүн ичинде сынакка жиберген дилбаяны кабыл алынганы же кабыл алынбай калганы тууралуу эч

кандай маалымат албаса, анда анын **дилбаяны Уюштуруу комитетине келген эмес** деп билсе болот.

§ 11. Сынакты өткөрүү мөөнөтү, убактысы жана орду:

БИРИНЧИ ТУР:

- Дилбаяндарды кабыл алуу – 2026-жылдын 1-январынан **2027-жылдын 31-январына чейин.**
- Калыстар тобунун мүчөлөрүнүн дилбаянды баалоосу – 2027-жылдын 20-февралынан 2027-жылдын 10-мартына чейин.
- Уюштуруу комитетинин балл эсептөөсү – 2027-жылдын 20- мартына чейин.
- Катышуучуларга 1-турдун жыйынтыктарын жарыялоо – 2027-жылдын 2-апрели.

ЭКИНЧИ ТУР жана ЖЕҢҮҮЧҮНҮ СЫЙЛОО САЛТАНАТЫ:

- Болжолдуу түрдө 2027-жылдын 17 же 24-апрелинде (ишемби). 2-тур жана Сыйлоо салтанаты өтө турган жери 1-турдун жыйынтыгы менен кошо жарыяланат.

МАДАНИЙ МААЛЫМАТ АРТТЫРУУЧУ САЯКАТТАР

- 1-орунду ээлеген жеңүүчүнүн саякаты 2027-жыл ичинде пландалган, тагыраак датасы жеңүүчү менен макулдашылат.
- Жеңүүчүнүн (1-орун) окуучулары менен саякаты болжолдуу түрдө 2027-жылдын жай айына пландалган. Тагыраак датасы Жеңүүчү менен макулдашылат.

§ 12. «БИРИНЧИ МУГАЛИМ» 14-сынагынын жыйынтыктары

- Сынактын жана маалымат арттыруучу саякаттардын жүрүшүн Санжарбек Данияровдун коомдук фондунун (СДКФ) www.daniyarov.kg сайтында жана соцтармактарда чагылдыруу
- Фонддун сайтына “Биринчи мугалим” менен интервью (мугалимдин каалоосуна жараша)
- Сынактын катышуучулары менен сайтта, соцтармактарда жана катышуучулардын чатында сынчыл ой жүгүртүүлөр
- Сынактын катышуучулары жөнүндө коомчулукка жана райондук билим берүү бөлүмдөрүнө маалымдоо

Фонддун Негиздөөчүсү жана директору
А. С. Данияров